| | |
|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>НАРЫН ОБЛУСУ<br>ЖУМГАЛ РАЙОНУ<br>КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗ АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН<br>АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ** | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>НАРЫНСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ДЖУМГАЛЬСКИЙ РАЙОН<br>АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ<br>КЫЗЫЛ-ЖЫЛДЫЗСКОГО<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА** |

Кызыл-Жылдыз айыл аймагынын айылдык кеңешинин V чакырылышынын кезектеги
14-сессиясынын
ТОКТОМУ № 5-14-1

15-сентябрь 2022-ж Кызыл-Жылдыз айылы

**Кызыл-Жылдыз айыл аймагы боюнча биринчи Элдик Курултайга айыл аймагынан делегаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 15-августундагы №284 "Элдик курултайды чакыруу жөнүндө" Жарлыгы менен аныкталган 2022-жылдын 25-ноябрында өтүүчү биринчи элдик Курултайга айыл аймагынан делегаттарды шайлоону уюштуруу жана өткөрүү жөнүндө маселени карап, айылдык Кещештин депутаттарынын билдирүүлөрүн угуп жана талкуулап, Кызыл-Жылдыз айылдык кеңешинин 14 -кезексиз сессиясы **токтом кылат:**

1.Кызыл-Жылдыз айыл аймагы боюнча жергиликтүү курултайдын делегаттарынын жалпы саны 40 адамдан түзүлсүн;

2.Жергиликтүү курултайга делегаттарды шайлоо боюнча Кызыл-Жылдыз айыл аймагы 1-тиркемеге ылайык тиешелүү аймактарга бөлүнсүн;

3.Элдик курултайды өткөрүү боюнча уюштуруу комитетинин Календардык планында аныкталган мөөнөткө ылайык жарандардын жыйындарын жана чогулуштарын өткөрүүнүн графиги жана алардан шайлануучу делегаттардын өкүлчүлүктүү ченемдери 2-тиркемеге ылайык бекитилсин;

4.Жергиликтүү курултайлардын делегаттарын шайлоо боюнча ар бир жыйындарды жана чогулуштарды өткөрүүгө жооптуу жергиликтүү кеңештин депуттаттарынын тизмеси 3-тиркемеге ылайык бекитилсин;

5.Жергиликтүү курултайды уюштуруу жана өткөрүү боюнча 7 адамдан турган жумушчу тобунун курамы 4-тиркемеге ылайык бекитилсин;

6.Элдик Курултайга делегаттарды шайлоо 2022-жылдын 5-ноябрында саат 14:00 дө Кызыл-Жылдыз айыл өкмөтүнүн кеңсесинде өтө тургандыгы белгиленсин.

7.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагын өзүмө калтырам.

Төрага: Жолдошбек уулу Жоодар